УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-274-277

**КАЗАКОВА Н.А.**
Ала-Тоо Эл аралык университети
**КАЗАКОВА Н.А.**
Международный университет Ала-Тоо
**KAZAKOVA N.A.**
Ala-Too International University

# КАЗАТ АКМАТОВДУН "АРХАТ" РОМАНЫНДАГЫ АДИЛЕТ-МИЛАРЕПАНЫН МҮНӨЗ КАТАРЫ КАЛЫПТАНУУ ЖОЛУ

# ПУТЬ ФОРМИРОВАНИЯ ХАРАКТЕРА АДИЛЕТА-МИЛАРЕПЫ В РОМАНЕ КАЗАТА АКМАТОВА "АРХАТ"

# THE PATH OF CHARACTER FORMATION OF ADILET-MILARAPA IN KAZAT AKMATOV'S NOVEL "ARHAT"

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада эгемендүүлүктөн кийин кыргыз роман жанрынын өнүгүү жолу тууралуу сөз болот да, дал ошол эгемендүүлүктөн кийин кыргыз проза жанры сандык жактан абдан чоң секирик жасагандыгы каралат. Сандык жактан да, сапаттык жактан өсүшү байкалат. Кыргыз адабиятында жаңы темалар иштеле баштагандыгы жана кыргыз эл жазуучусу, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Казат Акматовдун "Архат" романы тууралуу сөз болот. Роман эгемендүүлүктөн кийинки кыргыз роман жанрында жаңы багыттагы, жаңы сөз болгон. Ошондуктан, бул макалада "Архат" романы тууралуу кеңири адабий изилдөө жүргүзүлөт, сюжеттик-композициялык маселелери, идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү, образдар системасы, мүнөз түзүү чеберчилиги каралат. Жогорудагы маселелерди кароодо салыштырма-тарыхый метод, башка адабиятчы жана жазуучулардын пикирлери талданат.

**Аннотация:** В статье речь пойдет о пути развития кыргызского романа после обретения независимости, а также о значительном скачке жанра кыргызской прозы как количественно, так и качественно. Отмечается рост как в количественном, так и в качественном плане. В кыргызской литературе начинают прорабатываться новые темы. Рассматривается роман кыргызского писателя, лауреата Государственной премии имени Токтогула, Казата Акматова «Архат». Этот роман стал новым словом в жанре кыргызского романа после обретения независимости, представляя собой новое направление. Поэтому в статье проведено подробное литературное исследование романа «Архат», рассмотрены его сюжетно-композиционные вопросы, идейно-тематические особенности, система образов и мастерство характерописи. При анализе вышеуказанных вопросов использован сравнительно-исторический метод, а также проанализированы мнения других литературоведов и писателей.

**Abstract:** The article will discuss the development of the Kyrgyz novel after the country gained independence, as well as the significant leap in the genre of Kyrgyz prose, both quantitatively and qualitatively. The growth is noted in both quantitative and qualitative terms. New themes begin to be explored in Kyrgyz literature, and the novel Arhat by Kyrgyz writer and Toktogul State Prize laureate Kazat Akmatov will also be examined. This novel marked a new milestone in the genre of the Kyrgyz novel after independence, representing a new direction. Therefore, the article will conduct a detailed literary study of Arhat, addressing its plot and compositional issues, ideological and thematic features, the system of images, and the mastery of character portrayal. In analyzing these aspects, a comparative-historical method will be used, along with an examination of the views of other literary scholars and writers.

**Негизги сөздөр:** кыргыз романдары; Казат Акматов; "Архат" романы; мүнөз; каарман; окуялар.

**Ключевые слова:** кыргызские романы; Казат Акматов; роман "Архат"; характер; персонаж; события.

**Keywords:** kyrgyz novels; Kazat Akmatov; the novel "Arhat"; character; protagonist; events.

**Киришүү.** Эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабияты эркин өнүгүү жолуна түшүп, идеялык-тематикалык жактан байыды. Байыды деген сөзүбүздүн эки мааниси бар. Биринчиси, чынында, соцреалисттик реализм методунан бошонгон жазуучулар теманы кеңири тандоо жолуна түшүп, бир учурда тарыхый окуялар, инсандар тууралуу чыгармаларды абдан көп жазышты: Т. Касымбеков “Баскын”, “Чапкын”, Ж. Токтоналиев “Хан Ормон”, А. Стамов “Хан Тейиш”, Э. Турсунов “Балбай”, С. Жусуев “Курманжан Датка”, Ж. Эгембердиев “Канат хан”, А. Сарманбетов “Жылдыздар жерде жанышат” романдарын атасак болот. Мындан сырткары айрым тарыхый окуяларга кайрадан башка көз менен карап, толуктоолорду киргизген К. Ашымбаевдин “Азат көчү” жана А. Койчиевдин “Мисмилдирик”, И. Айтмамбетовдун “Бет-Алман” романдары өзгөчө кызыгуу жаратты. Жанрдык жактан да К. Байбосуновдун “Кармазой” фантастикалык чыгармасы, мистикалык нуктагы Ч. Абыкеевдин чыгармалары, М. Мамазаированын “Аймараны”, Ж. Исабаеванын “Адашкандары” жарыяланып, өз окурмандарын тапты. Ошол эле учурда совет доорунда да жазып, эгемендүүлүктөн кийин да чыгармачылыгын уланткан калемгерлердин катарында “Боз улан” аңгемелер жыйнагы менен кадам шилтеп, кийин “Мезгил”, “Мунабия”, “Күндү айланган жылдар”, “Эки сап өмүр” өңдүү чыгармаларын биринин артынан бирин жарыялап, кыргыз проза жанрынын казынасын өз роман, повесть, аңгемелери менен байыткан жазуучу, Н. Островский, М. Ломоносов жана “Руханият” сыйлыктарынын ээси Казат Акматов 2005-жылы “Архат” аттуу үч китептен турган (кийинчерээк автор аталган чыгармасына толуктоолорду киргизип, кайра бир китептен турган роман катары экинчи редакциясын жарыялады) романын калың окурман журтчулугуна тартуулады [1]. Романды жазуу үчүн абдан даярдык керек болгону, ламалар тууралуу маалыматтар, романга жабылган жалаалар ж.б.маалыматтар ошол мезгилде абдан кеңири тарап, талкуулар болгон [2]. Бир кызыгы 2012-жылы жарык көргөн “Кыргыз адабиятынын тарыхынын” 7-томунда К. Акматовдун чыгармачылыгы кирип, бирок, “Архат” тууралуу бир ооз сөз айтылган эмес [3, 659-690-бб.].

Роман – сюжеттик-композициялык татаал курулушу, көтөргөн идеялык оор жүгү, деги эле жалпы мазмуну боюнча кыргыз адабиятындагы жаңы үн. Улуу жазууучубуз Ч. Айтматов айткандай “кыргыз адабиятындагы жаңы сөз” [4].

“Архат” кыргыз адабиятында иштелбей, дың жаткан темалардын бири – адамзаттын аң-сезиминде уялап, түпкүлүгү далай “кыйроолорду” алып келчү “эго” сезимди мистика, фантастика, реалдуу жашоо-турмуш аркылуу көркөм изилдейт. Чыгармада адамжандын “МЕНи” ашынып кетсе, ага дабаа, арга барбы – деген суроо түз коюлуп, романдын баш каарманы Мани Ясо, ыйык Миларепанын реинкарнациясы, кыргыз жигити Адилет Нарбаев төрөлгөндө эле адилетсиздикке дуушарланып, Тибет окуусунун “сыйкырын” нечен жыл үйрөнүп, акыры адамдын “МЕНи” кандай зор рухий күч экендигин окутуучусу Лама Цунун жардамы менен таанып билип, илгери Миларепа туш болгон “кара сыйкырга” аргасыздан Далай-лама аркылуу аралашып, андан чыгып кетүүнүн жолдорун басып өткөн далай окуялардан кийин “МЕНге” каршы “Толерант” мантрасын ойлоп чыгарып отурат. Адамзаттын бардыгында эле “эго” сезим бар эмеспи, ал эми аталган сезими ашыкча өөрчүгөндөрдөн ай ааламды титиретип, элди баш көтөрткүс кылууну самаган деспот-тирандар, диктаторлордун айынан дүйнө тынчтыгы канча жолу бузулгандыгы карт тарыхтын эсинде сакталуу.

“МЕНдин” күчү жаратылыш стихиясындай албуут, бир күч алса, токтолбой кала тургандыгы чыгармада бир канча эпизоддор менен ачылат. Бирок селдей агымы күчтүү бул сезимди “дарылоону” эмнеден баштоо зарыл? Суроонун жообу Лама Цу менен Адилеттин диалогунда айтылат: “Кеп урукта болуп жатат, ата. “Эгонун” жашынган “уясы” дал ошол жерде экен” – дейт да, окуянын өнүгүшүндө нускама боюнча адам баласы болгон жердин бардыгына жайылтуу максатында Миларепа көптөгөн өлкөлөрдү кыдырып, элге жардамга келет [1, 261-б.].

1995-жылы Ч. Айтматовдун “Кассандранын эн тамгасы” романы жарык көргөндө кыргыз адабиятында дагы бир жаңы адабий тилке ачылган. Анда жазуучу турмуштагы ууру-кескилер, баңгичилер, сойкулар, мыкаачылар, ичкичтер ж.б. төрөлөөрдө энесинин дал маңдайына так түшөөрү айтылат да, космос монахы Филофейдин изилдөөсүндө жогорку топтогу адамдар түйүлдүк-эмбрион кезде эле белги берип, бул жашоого жаралуудан баш тартат экен. Айтматовдун “Кассандрасы” көпчүлүк ичинде бушаймандыкты пайда кылып, баардыгыбызды ойлонууга түрткөн.

Анткени адам баласы түйүлдүк болуп жаралган кезде эле тарбиялоону күтө тургандыгы чыгарманын түпкүрүндө катылган болчу. Ал эми “Архатта” да Казат Акматов адамдын бүткүл руханий дүйнөсүн, коомдогу мамилени бузуучу “МЕН” урук-түйүлдүк кезинде эле “дарылана” тургандыгын Адилет-Мани Ясо тарабынан изилдеп жатпайбы. Эгер медицинанын маалыматтарына таянсак, кош бойлуу жаш энелер төрөлө элек наристеге акыл-насаат айтса, музыка укса, мээримдүү сүйлөсө, ал угат. Анда эмне үчүн бала түйүлдүк кезинде анын “эго” сезимин тарбиялоого болбосун? Романда көтөрүлгөн ушул бүткүл адамзаттык проблема Мани Ясонун жардамы аркылуу чечмеленет.

“Архат” – полифониялуу чыгарма, анда жеке гана жогорудагы маселе каралбастан, көркөм изилденген проблема көп, маселен “Жер планетасынын экологиялык кырсыкка жакындап баратышы жана андан кантип кутулуу амалын баяндаган окуялар” (Ч. Айтматов) бар, мындан сырткары жер айлампасынын ичинде Мани Ясонун жери – Кыргызстандын абалы, социалдык турмуш жагдайы, адамдардын жашоо-турмуш тууралуу философиялуу ой жүгүртүүлөрү кеңири баяндалат. Сүрөткер (жазуучу маанисинде) өз доорунун, заманынын кан тамырынын кандай согуп жатканын байкап, жашап жаткан мезгилинин жарчысы болот эмеспи. Бул жагдайдан алганда, К. Акматов өлкөбүздөгү баш-аламан хаостук абалды, бийликтин “алдамчы” саясатын, элдин жакырчылыкка батып бара жатышын реализм менен фантастиканын айкашуусунан туруп сүрөттөөгө алган.

Мамлекет ичиндеги материалдык байлыктардын – жаңгак жыгачынан баштап форелге чейин, ал гана эмес элдин рухий дөөлөтү – Умай эненин элеси чегилген ташты да сатып жиберип, капчыкка акча толтуруудан уялбай калган ажонун үй бүлөсүнүн жашоо түшүнүгү, “философиясы” Темир аркылуу “түнкү империя” деп аталган талап-тоноо саясатынын рычагдары, чыдамы кеткен элдин көтөрүлүшү, ажонун үй бүлөсүнүн жерин, өлкөсүн таштай качкан окуялары баяндалат [1, 301-б.]. Ошентип Калагия маалында Мани Ясого угулган онтоо тоолордуку гана эмес, бүтүндөй каржалып, карызга белчесинен баткан өзүнүн кыргыз элинин онтоосу болуп чыгат. Эгер Багдад, Индия, Непалдын ж.б. шаарлардын, өлкөлөрдүн башчылары Мани-Ясо-Миларепадан жардам күтүп, адамдардын көкүрөгүндө оттой алоолоп жанган жырткычтык сезимдерин азайтуу үчүн чакырышса, Кыргызстанда ажонун кызы бир кездеги Далай-ламадай Адилетти үй бүлө саясатына каршы чыккан саясатчылардын жазасын берүү үчүн чакыртат. Бирок Мани Ясонун: “Кичинекей өлкөдө чоң калыссыздыктар бар экен. “Түнкү империя” деген турмушуңарды көрдүм. Башкасын айтпаганда да кыргыздын тукумун колдогон касиеттүү Умай эненин элесин четке сатып жиберүүгө чейин барып жаткандарды, же болбосо өз элине ок аткандарды эч ким жазалабайт экен” [1, 310-б.] – деген сөздөрү канбийкечке жакпай калат. Түбүң түшкөн жашоонун адилетсиз мыйзамы ушундайбы, айтор чындыкты бетке айткан адам эч убакта эч кимге жаккан эмес. Мани Ясонун чындыгын угуп канбийкечтин кабагы да өзгөрүлөт. Акыры толкуган элдин сүрүнөн үй бүлө мамлекетин таштай качты. Ушул окуядан кийин элдин жашоосу оңолобу десе, дагы эле кыргыз жергесинен чыккан кейиштүү добуштар Мани Ясого угула берди... “Толерант” мантрасын түшүнгүсү келбеген элине архат Адилет кыргыз элинин атактуу акыны Буканын ырын балким элге дал ушул ыр таасир берер деген кыязда багыштайт. Ырдын философиялык мазмуну күчтүү, анда көсөм менен эл, өз менен жат, салт менен нарк, калыстык менен калп жана ушул өңдүү мааанисии терең түшүнүктөр камтылган. Ыр саптарынын аягындагы “сак болгун!” редифи көңүлдү буруп, аталган ыр дидактикалык мүнөзгө ээ болуп, кийинки муун үчүн таалим тарбия, насаат боло алат. Эмесе, ырдын мазмунуна кыскача токтолсок ашыкча болбостур:

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат, сак болгун.
Көсөмдөрүң элди алдап,
Көч бузулат, сак болгун.
Өзөгүңө өрт таштап,
Өз бузулат, сак болгун.
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат, сак болгун.
Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат, сак болгун.
Намыс кетип, ар кетип,
Нарк бузулат, сак болгун.
Кара тили калп минип,
Карт бузулат, сак болгун.
Калыс сөзүн айта албай,
Калк бузулат, сак болгун. [1, 313-б.]

Ошентип, окуянын жүрүшүндө Адилет-Миларепа далай континент, өлкөлөрдү кыдырып, “Толерант” мантрасын жайылтат,

бирок эң өкүнүчтүүсү Кыргызстандын башчыларынын Миларепаны кабыл албай коюшу элибиздин "эгосунун" күчөп бара жатышын көрсөтүп, эскертүү берет.

Романда кыргыздын кичинекей баласы Адилеттин дүйнөгө атагы чыккан Мани Ясого айланышы, мүнөзүнүн калыптанышы тууралуу "Путь таких людей как Мани Ясо (тибетское имя Адилета) никогда не бывает простым и легким, ибо это путь личности, идущей дорогой добра и справедливости в несправедливом, полном зла и раздираемом противоречиями, мире" [5, с. 4], деп И. Лайлиева белгилегендей, Адилет бала чагынан Тибетке окууга баргандагы лотос абалында сүкүткө отурушу – анын чыдамкай мүнөзүн көрсөтүп, акыры Адилеттеги чыдамкайлык, кайраттуулук, туруктуулук, атына жараша адилеттүүлүгү бүтүн дүйнө жүзүнө керектүү адамга айландырды. Жазуучунун Адилеттин образын түзүүсүндө аны Тибет окуусу учурундагы кыйынчылыктарга кабылтып, чыйралтышы, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу бул каармандын мүнөзүн түзө билүүсү кыргыз адабиятында ламаисттик окууну окуган, дүйнө жүзүнө өзүнүн мантрасы менен жардам берген адамдын образын түзгөн. Ал эми "эгонун" артында далай кеп жашырылганын чыгарма менен тааныш адам байкабай койбойт. Бул жагдайдан алганда К. Акматовдун "Архатын" роман-эскертүү деп атасак болот. Белгилүү адабиятчы К. Асаналиевдин "...мына ушундай чыгармалар менен биз дүйнөлүк адабияттын босогосун дагы бир жолу аттай алабыз" [5, с. 3] – деген пикирин эске түшүрүп, чындыгында "Архат" жалпы адамзаттык маселени көтөрүп, көркөм изилдеп, адабияттын негизги объектиси болгон – адам турмушунун дагы бир жагын ачып берүүсү жазуучунун адабиятка кошкон чоң салымы.

Жыйынтыктап айтканда, К.Акматовдун "Архат" романынан кийин "Тринадцать шагов Эрики Клаус", "Шахидка" романдарын жарыялаганы менен "Мунабия", "Мезгил", "Архаттай" окурмандар арасында кабыл алынган жок.

**Колдонулган адабияттар**

1. Акматов К. Архат.-Бишкек, 2007, 352-б.
2. “Архат” романынан чыккан сөз. – Кирүү режими: https://www.azattyk.org/a/Kyrgyzstan_literature_new_roman_Arhat/1776729.html (колдонулган датасы: 15.02.2025)
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2012, 720-б.
4. Бизге белгилүү жана белгисиз Айтматов. – Кирүү режими: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_aitmatov_duishenbaev/29481233.html (колдонулган датасы: 19.02.2025)
5. Лайлиева И. Человек всего мироздания // К. Акматов. Архат. Книга 1. –Бишкек, 2005, 256 с.

**Рецензент: к.филол.н., доцент Черикбаева Н.К.**